**Байланыштуу кеп**

1. **Кептин стили деген ...**
А) белгилүү кырдаалга жараша тилдин колдонулуш өзгөчөлүгү
Б) белгилүү максатка ылайык оозеки жана жазма формада тилдин колдонулуш өзгөчөлүгү
В) турмушту, окуяны көркөм чагылдырган көркөм адабияттын тили
Г) түрдүү илимдерге тиешелүү болгон оозеки жана жазма илимий адабияттардын тили

2. **Тексттеги сөздөрдүн орундуу кайталанышынын себеби:**
А) темага жараша айрым сөздөрдүн маанисин тереңдетүүүчүн кайталап баса айтуу
Б) ойду көркөм баяндоо үчүн сөздөрдү кайталап айтуу
В)логикага жараша, мазмунду тереңдетүү максатында зарыл сөз каражатын кайталап баса айтуу
Г) зарылдыгына жана логикага жараша тексттеги айрым сөздөрдү 2-3 ирет кайталап айтуу

3. **Тексттин бөлүктөрүнүн аталышы:**
А) тема, идея, абзац, план
Б) аты, темасы, микротема, подтема
В) тексттин планы, тема, идея, аты
Г) ойдун башталышы, өнүгүшү, аякташы

4. **Расмий эмес иш кагаздары ... жүргүлөт.**
А) мекеме, уюмдар жана жеке адамдар тарабынан
Б) мамлекеттик мекемелер жана ишканалар тарабынан
В) канцеляриялык кызматкерлер тарабынан
Г) жеке кызматкерлер жана карапайым адамдар тарабынан

5. **Кимдир бирөөнүн эмгектик, коомдук ишмердүүлүгү жөнүндө ишкана, мекеме жетекчилери тарабынан оозеки, жазма түрүндө берилген түшүндүрмө ... деп аталат.**
А) баяндама
Б) жолдомо кат
**В)** мүнөздөмө
Г) маалым кат